**Ош эл аралык медициналык университетинин студенттеринин өндүрүштүк практикасын өткөрүү боюнча**

**№ 8 КЕЛИШИМ**

**Ош шаары** "24" 05 2019-ж

Биз, төмөндөгү кол койгондор Ош эл аралык медициналык университетинин ректору, профессор **Ж.К. Муратов** мындан ары "ОшЭАМУ",ОшЭАМУнун Уставынын негизинде "Медлайн" клиникасынын (ОсОО, Ооруба") директору Г.А. Машанова

(мекеме ишкана)жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 5.08.2008-жыл №425 токтомуна ылайык "Окуу жана өндүрүштүк практикалар" жобосунун негизинде ОшЭАМУда практикаларды уюштуруу боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү:

**1."Мекеме –ишканасы " милдеттенет:**

1.1. ОшЭАМУнун өндүрүштүк практикаларын өткөрүү үчүн календардык планга ылайык өткөрүүгө 50 орун берилет.

1.2 Студенттердин өндүрүштүк практикасын өткөрүүгө уруксат берүү;

1.3 Практиканын нормалдуу өтүшүнө шарт түзүү;

1.4 ОшЭАМУменен илимий усулдук иштерди бирдикте аткаруу;

1.5 Илимий усулдук иштердин эксперементин жүргүзүүгө шарт түзүү;

1.6 ОшЭАМУнун бөлүмдөрүнүн өндүрүштүк планын сунуштайт жана практикаларын жетектөө үчүн жогорку квалификациядагы адистиктер дайындалат.

1.7 ОшЭАМУнун усулдук бирикмелердин башчылары аркылуу алдынкы тажрыйбалуу адистерди практикантарга насаатчы кылып бекитип берүү;

1.8 Өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушуна жана ал даярдаган эсеп- кысаптын сапатына мүнөздөмө берет.

**2. "ОшЭАМУ" милдеттенет:**

2.1 "Мекеме-ишкана" өндүрүштүк практиканын өткөрүүнүн планын сунуштайт;

2.2 Практика жетекчисин дайындайт:

2.3Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте ишканадагы жетекчилеринин жана адистердин эмгек акыларын төлөйт;

2.4 Илимий усулдук конференцияларды биримдикте өткөрүү;

**3. Тараптардын келишимдин аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1 Тараптар КР эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2 Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3 Келишим биринчи тараптан "ОшЭАМУ", экинчи тараптан "Мекеме – ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4 Келишим мөөнөтү 2019-жылдан 2022-жылга чейин;

3.5 Эгерде тараптар келишимдин түзүлгөн мөөнөтү бүткөнгө чейин 15 күн мурун келишимди токтотуу жөнүндө жазуу түрүндө билдирбесе, анда бул келишим 3 жылдык мөөнөткө жана ошол эле шарттар алдында узартылган болуп эсептелет.

3.6 Келишим эки нускада түзүлгөн, бири "ОшЭАМУ"да, экинчиси "Мекеме - ишкана"да сакталат.

Юридикалык дареги Ош эл аралык медициналык университети: Ош шаары, №12 участогу 1-кочо, 20 үй.

| | |
|---|---|
| ОшЭАМУнун ректору | Дарылоо мекеменин жетекчиси |
| Ж.К. Муратов | Г.А.Машанова |
| "___" ______ 2019-ж | "24" 05 2019-ж |